# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КАЛКЫНЫН ЖАРАНДЫК КОРГОНУУ ЖААТЫНДАГЫ УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**1. Кыргыз Республикасынын калкы төмөнкүдөй укуктарга ээ:**

1) өзгөчө кырдаал келип чыккан учурда өмүрүн, саламаттыгын жана жеке мүлкүн сактоого;

2) өзгөчө кырдаалдар зоналарында жүргөн учурда акысыз медициналык тейленүүгө жана дарылануууга;

3) жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана уюмдардын Жарандык коргонуу иш-чараларын аткарууга багытталган мүлкүн пайдаланууга;

4) ыктыярдуу (коомдук) куткаруучу түзүлүштөрүнүн курамына кирүүгө;

5) Кыргыз Республикасынын аймагындагы белгилүү бир жерлерде калктын кабылышы мүмкүн болгон тобокелдиктер жана зарыл коопсуздук чаралары жөнүндө маалымдалууга;

6) Жарандык коргонуу иш-чараларына катышууга.

2. Өзгөчө кырдаалдын кесепеттерин жоюуга түздөн-түз катышкан калкка өзгөчө кырдаал зоналарындагы жумуштары үчүн компенсацияларды жана жеңилдиктерди алууга белгиленген тартипте укук берилет.

Кыргыз Республикасынын калкына компенсацияларды жана жеңилдиктерди берүү тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленет.

3. Кыргыз Республикасынын калкы төмөнкүлөргө **милдеттүү:**

1) өзгөчө кырдаал коркунучунун учурунда өзүнүн коопсуздугун камсыз кылуу боюнча күн мурунтан чара көрүүгө;

2) күндөлүк иште коопсуздук чараларын сактоого, өзгөчө кырдаалдын келип чыгышына алып келүүчү бузууларга жол бербөөгө;

3) калкты жана аймактарды өзгөчө кырдаалдан коргоо ыкмаларын, алгачкы медициналык жардам көрсөтүү ыктарын, коргонуунун жамааттык жана жеке каражаттарын пайдалануу эрежелерин үйрөнүүгө;

4) өзгөчө кырдаалдардын алдын алууда жана кесепеттерин жоюуда мамлекеттик бийлик органдарына жана уюмдарга көмөк көрсөтүүгө;

5) Жарандык коргонуунун тиешелүү башкаруу органдарына өзгөчө кырдаалдардын коркунучу же келип чыгышы тууралуу маалымдоого.